| | | |
|---|---|---|
| **4.3** | **Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу** | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизми педагогикалык кеңеште гана ишке ашырылат. Коллективдин чечими, ошондой эле демөөрчүлөрдүн өз каалоолору. Мектеп тарабынан жетишпестиктер, кемчиликтер, оңдоп-түзөөгө керек болгон жерлер боюнча сунуштарды кабыл алып, педагогикалык кеңешке алып чыгат. Мектептин эч кандай фонду, камкордук кеңеш менен ата-эне, окуучулардан акча чогултууга жол берилбейт. Камкордук кеңеш ысык тамак менен камсыз кылуу иштеринде кошумча каражат менен иш алып барат.<br>Мектептин финансы ресурстарын жакшыртуу максатында мектеп көмөкчү чарба уюштурууну пландаштырды. Мектептин айланысына 1га жер тилкесине тамчылатма системасы менен алма бак олтургузулган . Атайын тосмо ж.б. каражаттары менен тосулуп учурда өсүп жатат.<br>Жергиликтүү бийликтен 2га жер тилкеси бөлүнүп берилген, көп жылдык чөп өстүрүлүп келет.<br><br>Мектеп ичинде орчундуу болгон көйгөйлөр бар.<br>Спорт залдын жоктугу,спорт площадканын талапка жооп бербөөсү.<br>Мектепте жаңы инновациялык - техниканын жетишсиздиги |
| | | **Күчтүү жактар:**<br>1. Финансы маселелери жылдан жылга толукталып мугалимдердин айлык акыларынын көтөрүлүшү персоналдар үчүн стимул.<br>2. Маалымат ресурсу , интернеттин кеңири колдонулушу, демөөрчүлөрдү тартууга мүмкүнчүлүк берет<br>3. Балдардын коопсуздугу, билими, окуусу үчүн шарттардын түзүлүшүнө финансы каражаттарын тартуу, алардын ата энелер менен бирдикте аткарылышы, ачык айкын так болушу.<br>4. Мектептин материалдык базасын чыңдоо үчүн 10 жылдык, 20 жылдык бүтүрүүчүлөрдүн мектеп үчүн демөөрчүлүгү<br>5. Жылдан жылга окуу шарттарынын жакшыруусу, ата- энелердин балдарды окутууда кызыкдар болушу. |
| | | **Алсыз жактар:**<br>1. Ремонтко бөлүнгөн акча каражатынын чон имарат үчүн аздыгы, акчалардын тендер менен чектелиши, жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу.<br>2. Жылдан жылга мебелдердин эскириши, жаңы эмерек мисалга алсак доска келбегендиги жаңы мебелдердин кымбат болушу.<br>3. Жаңы техникалардын келбегендиги<br>4. Пандемия менен көп иштер токтоду.Инновациялык технологиялар менен камсыз болот деп күтүп, бирок ишке ашпай жатышы.<br>5. Спорт залдын жоктугу<br>6. Спорт плошадканын талапка жооп бербөөсү |